**СУЗАК ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КЕҢЕШМЕСИНИН**
**№ 138 ПРОТОКОЛУ**

**Сузак айылы** **01.10.2021**

Комиссия мүчөлөрүнүн жалпы саны: 12
Кеңешмеге катышкандардын саны: 10

Күн тартибинде:

1. Сузак районундагы №2017-шайлоо участакасынын төрагасы Мирзаев Мурадилге карата даттануу жөнүндө

Күн тартибиндеги маселе боюнча Сузак ОШКнын төрайымы Г.Сапарова төмөнкүлөрдү билдирди.2021-жылдын 1-ноябрь күнү БШнын ЫАКТ бөлүмү тарабынан 2017-шайлоо участкасынын төрагасы Мирзаев Мирадил үйлөрдү кыдырып, жашоочулардын паспортун топтоп, аларды шайлоого карата үгүт жүргүзүп жүрөт деген билдирүү келди.Биз Мирзаев Мирадилден бул билдирүү жөнүндө сураганыбызда бул маалымат каралоо экенин айтты.Анын айтымында:сентябрдын жыйырмалардында Атабеков айыл өкмөтүнүн “Жаңы-Жер”айылынын башчысы Эргешов А. Мирзаев Мны алып айыл өкмөтүнө барып, санариптештирүү үчүн бланка алып келип, ал бланканы толтуруу үчүн ошол айылдагы үйлөрдү каттоого алып, турак жайдын ээсинин аты-жөнүн, катоо номурун, андагы жашоочулардын аты-жөнүн,ОМС номерлерин жазып берүүсүн суранган.Ошол максатта үйлөрдү кыдырып, жазып чыккан.Бул иштин шайлоого эч кандай тиешеси болгон эмес, себеби ал убакта эч кайсы партия же кандидаттар белгилүү эмес болчу, экинчиден бул иш жан каттоо иши боюнча болуп, мында үй-бүлө мүчөлөрүнүн эн улуу мүчөсүнөн баштап, жаңы туулган наристеге чейин жазылган.Эгерде шайлоого тиешелүү болгондо шайлоочулардын гана тизмеси алынат болчу-деп айыл башчы берген бланканы толтуруу үлгүсүн көрсөттү.

Бул маселени угуп, талкуулап, комиссиянын мүчөлөрү чындыгында бул иш шайлоого тиешеси жок экендигине макулдашты жана мындан кийин Мирзаев Мга мындай иштерди шайлоо компаниясы убагында аткарбай жүрүү керектиги эскертип төмөнкүдөй

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1 №2017-шайлоо участакасынын төрагасы Мирзаев Мурадилдин иш-аракети шайлоо алдындагы үгүт деп таанылбасын
2 Миразев Мирадилге өз ишиндеги милдеттерин мыйзам чегинде аткаруу боюнча эскертүү берилсин
3 Мирзаев Мирадилдин түшүнүк каты БШКнын ЫЧКТ бөлүмүнө жиберилсин

**Сузак ОШКсынын төрагасы:** **Г.Сапарова**
**Сузак ОШКсынын катчысы:** **А.Карымбаев**